УДК 005.1:33(575.2) (04)
DOI 10.53473/16946324_2024_4

**А.Б. Раимова,**
соц.и.к., доценттин м.а.
Кыргыз Республикасынын
Эл аралык университети

**Раимова А.Б.,** к.с.н., и.о. доцента
учреждения
Международного университета
Кыргызской Республики

**Raimova A.B.,**
Ph.D. (Sociology), Acting Associate Professor
International University of the Kyrgyz Republic
Bishkek c., Chui a. 255 e-
mail: raima_80@mail.ru

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН РОЛУ

## РОЛЬ ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СРЕДЕ

## THE ROLE OF DIGITAL TECHNOLOGIES IN THE EDUCATIONAL ENVIRONMENT

---

***Аннотация.*** *Бүгүнкү күндө өлкөбүздө санариптештирүү бардык тармактарда ыкчамдык менен өнүгүүдө. Санариптик технологиялар окуу жайдын бардык түзүмдөрүндө колдонулат жана иштин натыйжалуулугун жогорулатууга, убакытты жана чыгымдарды кыскартууга, кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга, процесстерди оптималдаштырууга, байланыш жана өз ара аракеттенүү деңгээлин жогорулатууга көптөгөн мүмкүндүктөрдү берүүдө. Макалада азыркы учурда окуу жайларда санарип технологияларын колдонуудагы артыкчылыктары каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *санарип технологиялары, санарип билим берүү тармагы, окуу материалдарын санариптештирүү, онлайн билим берүү, санариптик трансформация, инновация.*


***Аннотация:*** *Сегодня цифровизация нашей страны осуществляется быстрыми темпами во всех сферах. Цифровые технологии применяются во всех структурах образовательного учреждения и для повышения эффективности, сокращения времени и затрат, оптимизации качества и доступности услуг.*
*В статье рассматриваются преимущества использования цифровых технологий в образовательных учреждениях сегодня.*
***Ключевые слова:*** *цифровые технологии, Цифровая образовательная среда, оцифровка учебных материалов, онлайн образование, цифровая трансформация, инновация.*

***Abstract:*** *Today, digitization of our country is being done with speed in all fields. Digital technologies are applied to all structures of the educational institution and to improve efficiency, reduce time and costs, optimize the quality and availability of services.*
*The article examines the advantages of using digital technologies in educational institutions today.*
***Key words:*** *Digital technologies, Digital educational environment, digitization of educational materials, online education, digital transformation, innovation.*

Маалымат технологиялар доорунда жашап жаткан заманда, санариптештирүү – бул бүгүнкү күндө жүргүзүлүп жаткан масштабдуу реформанын стратегиялык багыттарынын бири.

Биздин өлкөбүздө санариптештирүү жашоонун бардык тармагына киргизилүүдө: саламаттыкты сактоо, энергетика, транспорт, соода-сатык, туризм жана тейлөө сектору, ж.б. Билим берүү тармагы да четте калган жок.

Маалымат технологиялар өнүккөн сайын сабак беүүдө мугалимдин ишмердиги да өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Мугалим бул убакытка чейин – билимдин булагы болсо, ал эми азыркы тапта жогорку окуу жайда окутуучу көп учурда фасилитатор, модератор, тьютор же болбосо консультант катары функцияларды аткарууга туура келүүдө. Эң башкысы, туура багыт берүү- бул окутуучунун эң маанилүү жоопкерчилиги. Себеби азыркы “Z” (зет) жана “A” (альфа) муун санариптик сабаттуу, техникалык көндүмдөргө жана критикалык ой жүгүртүүгө абдан жөндөмдүү келет.



Кыскача “альфа” жана “зет” муунга мүнөздөмө берип кетсек:
“Зет” муун XXI кылымдын алгачкы жылдарында, тагыраагы, 2000-2020-жылдар аралыгында төрөлгөн балдар. Техника өнүгүп, чөнтөк телефон көбөйүп, жаңы ачылыштарга бай мезгилде жарыкка келишкен. Бул муун ааламдашуу дооруна туш болгондуктан ылдамдык, көп маалымат алуу, жашоону жеңилдетүү сыяктуу сапаттарды ала жүрүшөт. Алар баарына кызыгат, аз убакытта көп ишти жасай алышат.[5]
Ал эми "Альфа мууну" деген терминди ойлоп тапкан социалдык изилдөөчү Марк МакКриндл: "Альфа мууну тарыхтагы эң расмий билимдүү муун, эң технологиялуу муун жана дүйнөдөгү эң бай муун болот" деди. Булар 2010-жылдан бери төрөлгөн балдар, Аларга интерактивдүү жекелештирилген программалар жана окутуу ыкмалары керек болот. Билим жагынан бул балдар абдан талапты. Алар кенен билим алууну эмес, аларды кызыктырган темаларды изилдеп, дүйнөнү изилдеп, кыйынчылыктарды көтөрүүнү каалашат. Балким, алар үчүн магистр даражасын алуу норма болуп калат, бирок бул алардын эмгек рыногуна кирүү учурун кечеңдетет. Альфаларда клиптик ой жүгүртүү бар, бул алар үчүн маалымат көбүрөөк топтолушу керек. Дүйнөлүк тенденцияларга караганда, балдардын көп пайызы онлайн окутууга өтөт. «Зумерлерден» да эртерээк, алар эмнеге умтулуу керектиги жөнүндө так билдирүүлөрдү түзүшөт. [6]
Мындан окуу жайлардын окутуучуларынын кесиптик ишмердигине карата мамилелердин да өзгөрүүсүнүн зарылдыгы бар экендиги көрүнүп турат. Окуу жайларды санариптештирүү, электрондук документ жүгүртүү системасын киргизүүдө көп маселелерди, иш аракеттерди эбегейсиз бир топ жеңилдетүүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт, убакытты үнөмдөйт, маалыматтын көптүгү жана жеткиликтүү. Мисалы дегенде: Окуу процессинин маанилүү бөлүгү окуучулардын билимин, билгичтигин жана көндүмүн текшерүүдө, сабак өтүүдө, кайтарым байланышта онлайн (Google Classroom, Moodle, Zoom, AVN, ж.б.) порталдардын жана башка *булут* технологияларынын жардамы абдан чоң. Ошондой эле илимий изилдөөлөрдү өркүндөтүү, маданий иш чараларды, олимпиада, конкурсттарды профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулаттууда (конференция, семинар, тренинг, конок-лекцияларын, тегерек столдорду) гибриддик форматта (онлайн -оффлайн) уюштурууда санарип технологиясын колдонуу менен ишке ашырууну жеңилдетет.
Ошол эле учурда окучуунун сабакта катышуусунун контролдоо, жөнгө салуу, QR код аркылуу

аныктоо (бул болсо, билим алуучулар ар бир сабакка кирүүдөн мурун дарскананы эшигинде илинип турган QR кодду мобилдик телефон аркылуу белгилөө), электрондук китепкана, журналдарды пайдалануу, сабактардын жадыбалын санариптештирүү, окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүсүн баалоодо онлайн-тест, викториналарды колдонуу, ж.б.у.с.

Ошондой эле окутуучулардын ишмердигине шарт түзүү, санариптик жабдуулар менен камсыздоо алардын бири: интерактивдүү доскалар окуу процесстерин жөнөкөйлөтүү аркылуу билим берүү тармагында олуттуу жакшыртууларды алып келди. Сабак учурунда интерактивдүү доскаларды колдонуунун пайдасы окуучуларга да, мугалимдерге да оң таасирин тийгизет, жана сабак өтүүдө жеңилдетет.

Окутуучулар окуу-усулдук материалдарды, предметтин ОМКларын ж.б.у.с. санариптештирүүдө дүйнөлүк экологиялык көйгөйдү чечүүгө өз салымдарын кошо алышат. Себеби кагаз процесстеринен, документациядан баш тартуу – бул акчаны үнөмдөөнүн жана айлана-чөйрөнү коргоонун эң сонун жолу жана дүйнөлүк “ESG” принциптерине туура келет.

Ошондой эле түзүлгөн усулдук материалдарын, автордук окуу пландарын, программаларын оңдоп, түзүүдө, корректирлөөдө санарип технологиясын колдонуу көп мүмкүнчүлүктөрдү берди. Айта кетсек бүгүнкү күндө жасалма интеллект технологиясы окутуучулардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн, ишмердүүлүгүн бир нече эсе жогорулатууда ошону менен бирге келечектеги кесиптерди түбөлүккө өзгөртүп жатканына күбө болуп жатабыз.

Окуу жайдын ишмердигинин сапатын аныктоо жана жогорулатуу максатында анын ишине ички талдоо жана мониторинг жүргүзүүдө, студенттердин арасында диагностикалык жана аралык билимин текшерүүдө санарип технологияларды колдонуу абдан ыңгайлуу. Ички талдоо жүргүзүү үчүн инструменттердин бири студенттерди жана бардык кызыктар тараптарды сурамжылоодо да онлайн-тесттерди колдонуу. Жана ошону менен бирге ар бир окутуучу окутуунун жетишкендиктерин өлчөөчү жана көйгөйлөрүн аныктоо үчүн баалоо системасын санарип технологиясын колдонуу менен иштелип чыгууда.

Чындыгында окуу жайларды гана эмес башка да тармакты санариптештирүүнүн артыкчылыктары арбын. Мисалы, кыскача айта кетсек ошол эле электрондук капчыктарды колдонууда, электрондук катталууда “Түндүк” тутуму, “Менин шаарым” тиркемеси, онлайн- контролдук-кассалык машиналар (ККМ) пайда болгонун эске сала кетели, бул өз кезегинде бизнести көмүскөдөн алып чыгып, бюджеттик жоготууларды жана коррупциялык схемаларды минималдаштырууда. Мындан тышкары, ККМны колдонуу ишкерди кассалык отчеттордун бүтүндөй топтомун түзүүдөн куткарат.[7] Ишкер өз кызматкерлерин жеке кабинет аркылуу алыстан башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ, ж.б.у.с., ал эми окуу процесси учурун айта кетсек, күндө колдонуп жүргөн персоналдык компьютерди, мобилдик телефонду, DVD-ойноткучту, телевизорду ж.б. колдонуп, электрондук материалдар менен өз алдынча иштөөнү; аймактык жактан алыстагы эксперттен (окутуучудан) консультация, кеңеш алууну; жалпы виртуалдык окуу ишкердигин жүргүзүүчү социалдык тармактарды колдонуучулардын жамаатын түзүүнү; электрондук окуу материалдарын күнү-түнү тынымсыз жеткирүүнү опоңой ишке ашырса болот. Электрондук окутууну жер шарынын кайсыл жеринен болбосун, каалаган убакытта, каалаган аймактан колдонуу көп чыгымды, ашкере убакытты талап кылбайт. Ал баарына жеткиликтүү. Ушуга улай ***Coursera*** онлайн платформасын да айта кетсе болот. Сөз болуп жаткан платформа дүйнө жүзүндөгү алдыңкы университеттердин жана институттардын ар кандай предметтери боюнча курстарын сунуштайт. Бул өлкөнүн ар бир жараны үчүн өзүн каалаган тармакта ишке ашырууга, ошондой эле санариптик көндүмдөрүн жогорулатууга абдан жакшы мүмкүнчүлүк.

Санарип технологияларды колдонууда эң көп бөлүгүн түзгөн студенттердин да санариптештирүү тууралуу пикири көңүл толорлук. Студенттер мындагы ийкемдүүлүк, убакытты сарамжалдуу пайдалануу, мезгилден артта калбай өсүп-өнүгүү, өндүрүштөн ажыратылбай билим алуу, электрондук курстун мазмунун модулдарга бөлүп окуп-үйрөнүү, так иштелген критерийлердин негизинде өз билимин баалоо, билим алуунун салыштырмалуу арзандыгы сыяктуу алгылыктуу идеяларга жогору баа беришет.

Жыйынтыгында айтып кетсек санариптештирүүнүн өнүгүүсү, максималдуу пайдаланууда окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын чыгармачыл жана интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу аларды өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, билгичтиктерин жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңырттылууда. электрондук форматка көнүктүрүлгөн билим берүүнүн бардык багыттары боюнча окуу-методикалык материалдар даярдалды.

Окутуучулар ар дайым электрондук окутуу курстарын жана тестирлөө тутумдарын түзүү

методологиясын жана технологиясын өнүктүрүүнүн үстүндө иш аракеттерди жасашууда.
Окутуу барган сайын конкреттүү билимге эмес, көндүмгө багытталган болуусу шарт, анткени экинчиси өтө тез эле эскирип калат. Балдарды даярдоо дайыма эле заман талабына ылайык боло бербегени өтө байкалат. Билим берүүдө санарип технологияларын колдонуу менен аралыштырылган окутуу акыркы мезгилде абдан жемиштүү болоору байкалууда.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Национальная стратегия развития КР на 2018-2040 гг. – Б.: ноябрь, 2018 г.
2. Национальная стратегия "Информационно-коммуникационные технологии для развития Кыргызской Республики" http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/3679?cl=ru-ru
3. Концепция развития образования в Кыргызской Республике на 2021-2030 гг. – Б. 2021г.
4. Стратегия развития образования в Кыргызской Республике на 2021-2040 годы – Б.- 2019г.
5. МаралFM радиосу 10 Март 2023 чыгарылышы
6. https://kutbilim.kg/analytics/inner/bala-tarbiyaloo-tashty-kemirgenge-tete/
7. 2026-жылга чейин КР өнүктүрүүнүн улуттук программасы